# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 25-январы № 12*

## Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгынын жана Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгынын иш-аракеттеринин айрым маселелери жөнүндө

Бишкек шаарынын мэриясынын автомобиль жолдорунун жана жол-транспорттук инфратүзүмүнүн ишин камсыздоо чөйрөсүндөгү иш-аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.М.Исаковдун "Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгынын жана Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгынын иш-аракеттеринин айрым маселелери жөнүндө" Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбооруна карата 2022-жылдын 21-январындагы № МИ07-10/76 маалым катын эске алып, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43 жана 44-беренелерине ылайык,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгынан жана Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгынан Бишкек шаарында жолдорду долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоону аткаруу боюнча тапшырыкчы-куруучунун жана техникалык көзөмөлдөөнүн иш-милдеттери тийиштүү штаты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментине өткөрүп берилсин.

2. Бишкек шаарынын мэриясынын 2015-жылдын 31-июлундагы № 173 "Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгын түзүү жөнүндө" токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1) 1-пункт төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. "Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы" муниципалдык мекемесинин жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.";

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемесинде:

- он жагындагы жогорку бурчундагы "1-тиркеме" деген сөз "Тиркеме" деген сөзгө алмаштырылсын;

- 1-пункт төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. "Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы" мекемеси (мындан ары - Башкармалык) Бишкек шаарында курулуш жана реконструкциялоо объекттери, имараттарды жана курулмаларды капиталдык оңдоону жана реставрациялоону аткаруу боюнча тапшырыкчы-куруучунун иш-милдеттерин жүзөгө ашыруучу Бишкек шаарынын мэриясынын ведомстволук бөлүмү болуп саналат.";

- 6-пункт төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

"6. Башкармалыктын иш-аракеттеринин максаты Бишкек шаарында имараттарды, курулмаларды капиталдык оңдоону жана реставрациялоону аткаруу, курулуш жана реконструкциялоо объекттери боюнча тапшырыкчы-куруучунун иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу, капиталдык салымдарды натыйжалуу, сарамжалдуу жана негиздүү өздөштүрүү болуп саналат.";

- 13-пунктундагы "үч орун басары" деген сөздөр "бир орун басары" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 2 жана 3-тиркемелери күчүн жоготту деп табылсын.

3. Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 4-февралындагы № 29 "Бишкек шаарынын мэриясынын башкармалыктарынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө" токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 3-тиркемеси ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

- жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 4-тиркемеси ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

- жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 7-тиркемеси ушул токтомдун 3-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

- жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 8-тиркемеси ушул токтомдун 4-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

4. Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 16-июнундагы № 109 "Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгы" муниципалдык мекемеси жөнүндө" токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген "Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгы" муниципалдык мекемеси жөнүндө" жобого:

- 1-пунктундагы "жолдорун," деген сөз алып салынсын;

- 6-пунктундагы "жана жолдорду" деген сөздөр алып салынсын;

- 8-пунктунда:

экинчи абзац төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

"- Бишкек шаарынын конуштарынын (жаңы курулуштардын) жеке турак-жай курулуш чөлкөмдөрүндө турак-жай-коммуналдык дайындалыштагы объекттерди, социалдык-маданий-тиричилик объекттерин долбоорлоо жана куруу боюнча тапшырыкчы болуп чыгат жана курулуш жумуштарынын аткарылышын техникалык көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат;";

- отуз тогузунчу абзацта "автомобилдик жолдордун," деген сөздөр алып салынсын;

- 9-пунктунда:

жыйырма сегизинчи абзац күчүн жоготту деп табылсын;

жыйырма тогузунчу абзацта "жолдорду," деген сөз алып салынсын.

5. Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы жана Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгы белгиленген тартипте:

- юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өтсүн;

- ушул токтомдон келип чыккан тийиштүү чараларды кабыл алышсын.

6. Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын адам ресурстарын башкаруу боюнча бөлүмү, Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментти ушул токтомдон келип чыккан жана Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдары тарабынан каралган чараларды кабыл алышсын.

7. Ушул токтом менен анда көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү үчүн берилген документтердеги маалыматтар анык жана мыйзам менен белгиленген учурда юридикалык жактарды кайра каттоо маселеси тийиштүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталат.

8. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын шаар куруу жана архитектура бөлүмүнө жана санариптештирүү жана транспорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын

2022-жылдын 25-январындагы
№ 12 токтомуна
1-тиркеме

"Бишкек шаарынын мэриясынын
2019-жылдын 4-февралындагы
№ 29 токтомуна
3-тиркеме

## "Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы" мекемесинин ТҮЗҮМҮ




".

**Вице-мэр** **А.Узаков**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 25-январындагы
№ 12 токтомуна
2-тиркеме

"Бишкек шаарынын мэриясынын
2019-жылдын 4-февралындагы
№ 29 токтомуна
4-тиркеме

## "Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы" мекемесинин ШТАТТЫК САНЫ

| № | Кызмат орундарынын аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| **1. Жетекчилик** | | |
| 1 | Начальник | 1 |
| 2 | Начальниктин орун басары | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **2** |
| **2. Мамлекеттик сатып алуулар бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **3. Капиталдык курулуш жана инженердик-долбоордук даярдоо боюнча техникалык көзөмөлдөө бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 3 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 5 |
| 4 | Адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **11** |
| **4. Капиталдык оңдоо боюнча техникалык көзөмөлдөө бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **5** |
| **5. Персонал, документтер менен иштер жана укуктук мамилелер боюнча бөлүм** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **5** |
| **6. Пландоо-экономикалык бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **7. Улуттук курулуш сектору** | | |
| 1 | Сектор башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **8. Техникалык тейлөөчү персонал (ТТП)** | | |
| 1 | Башкы бухгалтер | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Бухгалтер | 2 |
| 3 | Катчы-референт | 1 |
| 4 | Кампа башчысы | 1 |
| 5 | Архивариус | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **6** |
| **9. Кенже тейлөөчү персонал (КТП)** | | |
| 1 | Кызматтык автомобилдин айдоочусу | 1 |
| 2 | Кызматтык жайларды тазалоочу | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **Бардыгы:** | | **43** |

".

**Вице-мэр** **А.Узаков**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 25-январындагы
№ 12 токтомуна
3-тиркеме

"Бишкек шаарынын мэриясынын
2019-жылдын 4-февралындагы
№ 29 токтомуна
7-тиркеме

## "Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгы" мекемесинин ТҮЗҮМҮ




".

**Вице-мэр** **А.Узаков**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 25-январындагы
№ 12 токтомуна
4-тиркеме

"Бишкек шаарынын мэриясынын
2019-жылдын 4-февралындагы
№ 29 токтомуна
8-тиркеме

## "Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгы" мекемесинин ШТАТТЫК САНЫ

| № | Кызмат орундарынын аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|
| **1. Жетекчилик** | | |
| 1 | Начальник | 1 |
| 2 | Начальниктин орун басары | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **2** |
| **2. Капиталдык курулуш, ондоо жана долбоорлоо боюнча техникалык көзөмөлдөө бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 3 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 3 |
| 4 | Адис | 3 |
| **Жыйынтыгы:** | | **10** |
| **3. Пландоо-экономикалык сектор** | | |
| 1 | Сектор башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **4. Мамлекеттик сатып алуулар сектору** | | |
| 1 | Сектор башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **5. Административдик топ** | | |
| 1 | Башкы адис | 2 |
| 2 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 3 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **5** |
| **6. Техникалык тейлөөчү персонал (ТТП)** | | |
| 1 | Башкы бухгалтер | 1 |
| 2 | Бухгалтер | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **7. Кенже тейлөөчү персонал (КТП)** | | |
| 1 | Кызматтык автомобилдин айдоочусу | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **1** |
| **Бардыгы** | | **27** |

".

**Вице-мэр** **А.Узаков**